# Мектепте тарых сабагынын өтүлүүсү боюнча маалымкат

**«Тарых сабагында интерактивных методдордун, заманбап маалымат технологияларынын колдонулушу».**

2022-жылдын ноябрь айында мектепте тарых сабагынын мектепте өтүлүшү, окуучулардын билим -билгичтиктери, көндүмдөрү боюнча көзөмөл жүргүзүлдү.

Мугалимдердин тарых сабагын окутууда демократиялык мамлекеттин өнүгүшүнүн, дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн кабылдоого даяр, азыркы доордун толеранттуу инсанын калыптандыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Мектептик тарых предметинин негизги максаты – социалдык эс тутумдун негизинде окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, азыркы көп улуттуу, көп маданияттуу коомдо өзүн идентификациялоого, өз алдынча чечим кабыл алууга, өнүгүүгө жөндөмдүү компетенттүү инсанды калыптандыруу.

Бул максатка жетүүдөгү негизги мектептин салымы – окуучуларда жарандык иденттүүлүктү калыптандырууда турат. Мектепте тарыхты окутуунун негизги милдеттери:

Когнитивдик (таанып-билүү) чөйрөсүндө:

— Кыргызстандын аймактары жана чек аралары тууралу элестөөлөрдү камтыган, тарыхый-географиялык образды калыптандыруу;

— окуучуларда тарыхый окуялардын көп түрдүүлүгү жана алардын азыркы дүйнөгө таасири тууралуу элестөөлөрүн камсыз кылуу;

— илимий маалыматтарды табуу, тарыхый материалдар менен иштөө жана өткөндү баалоодо өз аргументтерин тизмектөө ыктарын калыптандыруу;

— окуучуларда социалдык-сынчыл ой жүгүртүүнүн негиздерин, тарыхыйлуулук принцибин, жетекчиликке алып, өткөндөгү жана азыркы учурдагы окуялар жана көрүнүштөрдү анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

— окуучуларда тарыхый билимдерин азыркы көп маданияттуу жана көп этностуу коомдо башка адамдар менен алака-мамиле түзүүдө колдоно билүү ыктарын калыптандыруу.

Жүрүм-турумдук чөйрөдө:

— окуучуларды мекенчилдик, өз Ата -Мекенин урматтоо, өз өлкөсү үчүн сыймыктануу сезимин, жарандык иденттүүлүктү жана этностор аралык толеранттуулукту калыптандыруу;

— курчап турган реалдуулукка карата өз позициясын аныктоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;

— окуучуларда тең укуктуу мамилелердин жана өз ара урматоонун негизинде диалог жүргүзүү, конфликттерди конструктивдүү маанайда чечүү ыктарын калыптандыруу;

— башка элдердин өткөн доорлордогу тарыхына, маданиятына толеранттуу мамиле жасоо, гуманизмдин идеяларын кабылдоо, адам укуктарын урматтоо мамилесин калыптандыруу.

Аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) чөйрөдө:

— жаш муундарда жарандык, этноулуттук, социалдык, маданий чөйрөдө өзүн иденттештирүү үчүн багыттарын калыптандыруу;

— үй-бүлөнүн салттуу баалуулуктарына урматтоо мамилесин, табиятты сүйүү, өзүнүн жана башка адамдардын саламаттыгынын баалуулугун таануу, дүйнөнү кабылдоодогу оптимизмди калыптандыруу;

— улуттук жана жалпы адамзаттык тарыхый-маданий баалуулуктарды урматтаган, жаратылыштын эскирбес баалуулуктарын жана айлана-чөйрөнү коргоо зарылдыгын аңдап билген, адептик сапаттарга ээ болгон инсан катары идентификациялоого көмөктөшүү;

— көз караштык мамилелердин түрдүүлүгүн эсепке алуу менен, окуучулардын ой-пикирди жана ишенимди эркин тандоо укугун жүзөгө ашыруу, окуучуларды гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарга багыттоо.

**Текшерүүнүн түрү:** предметтик, персоналдык.

**Текшерүүнүн формасы:**

Сабактарга катышуу.

Мугалим менен баарлашуу.

Мектепте тарых сабагын Бектурова А.У., Иманбекова М.К., Айбекова А.А., Чыныбекова А.Ч., Нурдинова Г.А. берет.

Бектурова Асел Урушбековна тарых сабагын 5-6-7-класстарында берет. Эмгек стажысы 26 жыл. №95 мектеп-гимназиясында быйылкы окуу жылынын башынан иштеп жатат. Сабактарына катышууда мугалим тарых сабагын өтүү методикасын абдан жакшы билүүсү көрүндү. Сабактары так структурадан турат, бардык керектүү баскычтары өтүлөт: сабакты уюштуруу, жаңфы теманы түшундурүү, максат коюу, үй тапшырмаларын текшерүү жана окуучуларды баалоо. Сабактарында дайыма проектор аркылуу презентацияларды колдонот. Интерактивдүү такта аркылуу ар кандай текшерүү тесттерин жүргүзөт. Сабактарынын ар бир баскычы бири-бири менен тыгыз байланышта, ыраттуу формада жургузүлөт. Окуучулардын тартиби жана мугалимдин тартипти, тынчтыкты сактатуусу өтө жогорку деңгээлде. Сабакта окуучулар тынч, сабакка кызыгуу менен өтө жакшы таптипти сактоо менен өздөрүн алып жүрүшөт. Иманбекова М.К. 7-8-9-класстарында сабак берет. 9-классынын кыргыз классына гана сабак берет, ал эми 7-8 класстарында, кыргыз, орус класстарында иштейт. Мугалим сабагында иштин ар андай формаларын: фронталдык, өз алдынча, топтук, жеке түрлөрү менен иштетүүнү колдонот. Традициондук эмес сабактарды көп колдонот. Ошондой эле үй тапшырманы текшерүүдө да ар кандай ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын дайыма үй тапшырмасын аткаруусуна шык берет. Мугалим заманбап компьютердик технологияларды абдан жогорку деңгээлде колдонууну билет жана сабактарында ийгиликтүү колдонуп келет

Айбекова Айпери Айбековна 9-10-11-орус класстарында тарых сабагын берет, эмгек стажысы 9 жыл. Сабактарында тарыхый терминологияны жана тарыхый картаны кеңири колдонот. Сабактары абдан ылдам, жандуу өтөт. Айпери Айбековна да сабактарында заманбап маалымат технологияларын жогорку деңгээлде, кеңири, ар бир сабагында колдонуп өтөт. Окуучулар да үй тапшырмаларын презентация түрүндө жасап, жактап турушат. Окуучулардын

жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен, өз алдынча, китептен тышкары булактардан маалымат издөө шыгын өнүктүрүп келет.

Чыныбекова Айдана Чыныбековна -жаш адис. Метепте бир жыл стажысы бар. Жаш адис заманбап маалымат технологияларын, онлайн кызыктуу тесттерди, кроссворд ж.б. менен окуучуларды сабаккка кызыгуусун арттырат. Ал 5-класстарында сабак берет. 5-класстын окуучуларынын саны көп болгонуна байланыштуу айрым учурларда тартипти сактоо, тынчтандыруу маселелери боюнча кыйынчылыктарды кечирип келет жана окуучуларды ооз эки суроодо айрым учурларда жетишпей калат. Бирок насаатчысынын жардамы менен мындай маселелрди дайыма чечип келет.

Нурдинова Гулнур Асангазиевна да 5-6-класстарында, көбүрөөк сааты кыргыз класстарында иштейт. Гулнур Асангазиевна да ар бир сабагына кылдаттык мамиле жасайт жана презентация түрүндө, балдарга түшүнүктүү болуш үчүн сүрөттүү презентацияларды колдонуп келет. Балдарды сурамжылоодо да презентация аркылуу ар кандай кызыктуу медоддорду: тесттерди, анкеталарды колдонуп келет. Ошондой эле Гулнур Асангазиевна өз сабактарында сабактын ар кандай типтерин: сабак-конференция, лекция, реферат жактоо колдонуп келет.

**Сунуштар:**

-сабакта заманбап интерактивдик маалымат технологияларын колдонууну улантуу, өнүктүрүү;

-үй тапшырмаларын текшерүүдө ар кандай ыкмаларды колдонуу;

-конспекти жаздырууда жаш өзгөчолүгүнө карата маанисине жана көлөмүнө маани берүү;

-баалоодо окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүни эске алуу, өз убагында электрондук журналгша бааларын түшүрүүгө жетишүү.

**ОТИ боюнча директордун орун басары : Жээнбаева Г.И.**